Кыргыз Республикасынын
Улуттук банк башкармасынын
2014-жылдын 17-декабрындагы
№55/3 токтому менен жактырылган

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫНЫН

# ОРТО МӨӨНӨТКӨ КАРАЛГАН

# НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

**Бишкек**
**2014-жылдын декабрь айы**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 105-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамдын 1, 6-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (Улуттук банк) өлкөнүн борбордук банкы болуп саналат, ал өз ишин мыйзамда аныкталган ыйгарым укуктарынын чегинде өз алдынча уюштурат жана жүзөгө ашырат, Кыргыз Республикасындагы акча-кредит саясатын аныктайт жана жүргүзөт, бирдиктүү валюта саясатын иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат.

Бул документте Улуттук банктын акча-кредит саясатынын орто мөөнөттүк мезгил аралыгына каралган негизги багыттары аныкталган, ал акча-кредит саясатын жүргүзүүдө чечимкабыл алуу процессинде негизги документ катары кызмат кылат.

## *Акча-кредит саясатынын максаты жана милдеттери*

1. Улуттук банктын орто мөөнөттүк мезгил аралыгындагы иши баа туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоп турууга багытталат, ушунун өзү "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамда Улуттук банктын иш багыты катары аныкталган.

2. Орто мөөнөттүк мезгилде керектөө баасынын жалпы деңгээлинин экономика субъекттеринин экономикалык чечимдерине олуттуу таасир этпеген динамикасын - баа туруктуулугу дептүшүнүү зарыл. Баа туруктуулугу макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуунун зарыл шарттарынын бири болуп саналат, ал өз кезегинде Кыргыз Республикасында экономикалык өсүш мүмкүнчүлүгүн аныктаган фундаменталдуу фактор болуп эсептелет.

3. Улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн колдоо, банк жана төлөм системасынын иш натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыздоо Улуттук банктын иш максатына кирген негизги милдеттен. Республиканын узак мөөнөткө каралган экономикалык өсүшүнө өбөлгө түзүү Улуттук банктын негизги иш максаттарына жетишүүгө тоскоолдук кылбагандай деңгээлде жүзөгө ашырылат.

4. Акча-кредит саясатын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу Кыргыз Республикасын 2013–2017-жылдары туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында аныкталган милдеттерди аткарууга багытталат. Орто мөөнөттүк мезгил ичинде инфляцияны 5-7 пайыз чегинде чектеп туруу, акча-кредит саясатынын негизги багытынан болот. Мында, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан эсептелинген жана жарыяланган керектөө баа индекси инфляция көрсөткүчү катары пайдаланылат.

5. Кыргыз Республикасынын экономикасынын чөйрөсү чакан жана ачык экендигин, өлкөнүн импорттон басымдуу көз карандылыгын, түптөлгөн макроэкономикалык жагдай туруктуу мүнөзгө ээ боло албай жаткандыгын эске алганда, баа динамикасы монетардык эмес мүнөздөгү ички жана тышкы факторлордун таасиринен улам келип

чыгышы мүмкүн болгон өзгөрүүлөргө дуушар болушу ыктымал. Эгерде мына ушундай тобокелдиктер пайда болуп, ал инфляцияны сандык көрсөткүчтөн туруктуу четтөөгө мажбурлай турган болсо, акча-кредит саясатынын чаралары инфляцияны сандык көрсөткүчүнө кайра келтирүүгө багытталат.

6. Өткөрмө механизминин пайыздык каналынын ишин күчөтүү акча-кредит саясатынын орто мөөнөткө каралган милдетинен болуп эсептелет. Улуттук банктын акча-кредит саясаты жагындагы чечимдеринин экономиканын реалдуу сектору үчүн финансылык ресурстардын наркына таасирин жогорулатуу зарылчылыгы аркылуuушул милдеттин актуалдуулугу аныкталат.

7. Акча-кредит саясатынын өткөрмө механизминин ишин күчөтүү экономиканы монетизациялоого, банк тутумунун финансылык ортомчулук деңгээлдерин жогорулатууга өбөлгө түзөт.

## *Акча-кредит саясатынын операциялык негиздери*

8. Акча-кредит саясатын иштеп чыгуу пайыздык чендерди таргетирлөө негизинде жүзөгө ашырылат. Пайыздык чендерди акча-кредит саясатынын багыт берүүчүсү катары колдонуу, кыска мөөнөттүк рыноктук чендерге Улуттук банктын таасир этүүсүнө өбөлгө түзөт, бул акча жана кредит рыноктордогу пайыздык чендерди теңештирүү үчүн шарттарды камсыз кылат.

9. Улуттук банктын эсептик чени (чен саясаты) акча-кредит саясатынын аралык көрсөткүчү катары колдонулат, ал акча рыногундагы каражаттардын наркынын көрсөткүчү болуп саналат. Эсептик чен Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталып турат.

10. Акча рыногунун пайыздык чендери акча-кредит саясатынын операциялык көрсөткүчү болуп эсептелет. Улуттук банк пайыздык чендердин маанисин эсептик ченге жакындашкан чекте аныктайт. Улуттук банктын акча-кредиттик инструменти - «овернайт» депозити боюнча чен анын төмөнкү деңгээли, ал эми Улуттук банктын акча-кредиттик инструменти - «овернайт» кредити боюнча чен жогорку деңгээли катары колдонулат.

11. Пайыздык чек (коридор) банктар аралык рыноктогу жигердүүлүккө өбөлгө түзө алгандай белгиленет. Чендер чегинин төмөнкү жана жогорку деңгээлинин мааниси акча рыногунун катышуучулары үчүн чендер чегинин индикатору катары кызмат кылып, аларга акча рыногунда пайыздык чек чегинде аныкталган чендер боюнча бүтүмдөргө келишүүгө өбөлгө түзөт.

12. Акча-кредит саясатын жүргүзүүдө Улуттук банк анын бардык инструменттер чөйрөсүн колдонот. Зарылчылык келип чыккан шартта, колдонулуп жаткан инструменттер модификацияланып, жаңы инструменттер колдонууга киргизилет.

13. Акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу негизинен, автоматташтырылган тоорук системасын пайдалануу менен ишке ашырылат, ал финансы рынокторунда

бүтүмдөргө келишүү жана алар боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүүнүн ишенимдүүлүгүн, коопсуздугун жана оперативдүүлүгүн камсыз кылат.

14. Акча-кредит саясатын иштеп чыгуу макроэкономикалык болжолдоолор жана экономика саясатына талдап-иликтөөлөрдүн, ошондой эле болжолдоолорду иштеп чыгуу жана талдап-иликтөөлөрдүн учур талабына жооп берген ыкмаларды пайдаланууга өбөлгө түзгөн башка системалардын негизинде ишке ашырылат. Изилдөө иштерин жүргүзүү, илимий конференцияларга, эксперттик жолугушууларга катышуу акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу үчүн илимий негиздерди бекемдөөнүн олуттуу факторунан болот.

15. Финансылык туруктуулукка мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары акча-кредит саясатын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашырууда эске алынат.

### *Алмашуу курсу саясаты жана эл аралык камдар (резервдер)*

16. Улуттук банк мындан ары да өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу ыргагына таянуу менен иш алып барат. Валюта интервенциялары алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында гана жүзөгө ашырылат.

17. Эл аралык камдарды тескөө, ликвиддүүлүктү колдоо жана камдык активдердин коопсуздугун камсыз кылуунун негизги принциптерин эске алуу менен жүзөгө ашырылат. Чет өлкө валюта курстарынын өзгөрүүсүнө тышкы рыноктордун таасирин жеңилдетүү, Улуттук банктын камдык активдеринин наркынын начарлап кетүү тобокелдигин диверсификациялоо, Улуттук банктын алтын валюта камдарын толуктоо максатында Улуттук банк, ички рынокто улуттук валютага алтын сатып алууну ишке ашырат.

### *Аткаруу бийлик органдары менен өз ара иш алып баруу*

18. Улуттук банк акча-кредит саясатын жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен тыгыз иш алып барат. Ушул иш багытынын алкагында Улуттук банк экономикалык саясат боюнча биргелешкен билдирүүнү, өлкөнү социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолдоолорун, акча-кредит саясаты маселесине тиешелүү биргелешкен башка документтерди иштеп чыгууга катышат.

19. Акча-кредит жана бюджет-салык саясаттарынын макулдашылышын камсыз кылуу үчүн Улуттук банк Ведомство аралык координациялык кеңештин алкагында Финансы министрлиги менен жолугушууларды дайыма өткөрүп турат.

### *Коммуникация саясаты*

20. Акча-кредит саясатын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашырууда Улуттук банк, ага тиешелүү маселелери боюнча чечимдерди кабыл алуу жана маалыматтарды кеңири коомчулукка сунуштоо процессинин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу максатында таасирдүү коммуникациялык саясатын жүргүзөт.

21. Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен маселелери боюнча кийинки жылга отурумдарынын графиги алдын ала жарыяланган. Экономикалык агенттерде шайкеш инфляциялык күтүүлөрдү калыптандыруу максатында, Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен маселеси боюнча ар бир отурумунан кийинки эки жумуш күнү ичинде атайы пресс-релиздер чыгарылып, кабыл алынган чечим боюнча түшүндүрмөлөр берилип, пресс-конференция өткөрүлөт.

22. Улуттук банк чейрек сайын “Акча-кредит саясаты жөнүндө отчет (Кыргыз Республикасындагы инфляция боюнча баяндама)” документин жарыялап турат, анда тышкы жана ички экономикалык чөйрөдөгү абал боюнча баяндамалар, экономикалык келечекти көздөгөн иш багыттарына, орун алган тенденцияларга баа берилип, инфляция болжолдоолору камтылат.